**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«__10___»___май___2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистик: 060101 «Дарылоо иши»**

**Квалификация: фельдшер**

**Бишкек 2022**

## 1-бап. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына жана билим берүү тармагындагы башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Ушул Билим берүүнүн мамлекеттик стандартында төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** – максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;

- **сабактардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;

- **модуль** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;

- **компетенция** –окуучуну билим берүүгө даярдоодо анын белгилүү чөйрөдө натыйжалуу өнүмдүү ишмердиги үчүн зарыл болгон мурунтан коюлган социалдык талаптар (ченемдер);

- **кредит** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;

- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу менчик формасына жана ведомтсволук тиешелүүлүгүнө карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-бап. Колдонуу тармагы

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты 060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана

талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында тийиштүү адистик боюнча лицензиясы бар, менчик формасына жана ведомстволук тиешелүүлүгүнө карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. 060101«Дарылоо иши» адистиги боюнча Билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизги колдонуучулары төмөнкүлөр болуп саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;

- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;

- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;

- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;

- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;

- билим берүү программаларын жана уюмдарды аккредитациялоону жүзөгө ашырган аккредитациялык агенттиктер.

## 3-бап. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү формасы – күндүзгү;

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 3 жыл 6 айдан кем эмести түзөт.

7. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтер болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- кесиптик орто же жогорку билими жөнүндө диплом.

8. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашырган

билим берүү уюму кайрадан аттестациянын жыйынтыктары боюнча башка адистикке байланыштуу орто кесиптик билимди алууда студенттер өздөштүргөн өзүнчө сабактар (модулдар) жана (же) өзүнчө практикалар боюнча окутуунун жыйынтыктарын толук же жарым-жартылай эсепке алышы мүмкүн.

9. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 210дон кем эмес кредитти түзөт.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитти түзөт (окуу процесси эки семестрден түзүлгөн учурда).

Бир кредит студенттин окуу эмгегинин 30 саатына барабар (аудитордук, өз алдынча иш жана аттестациянын бардык түрлөрү кошулганда).

10. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында 060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты калкка дарылоо-диагностикалык жардам берүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү адисти даярдоо болуп саналат.

060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты студенттерде төмөнкү социалдык-жеке сапаттарды калыптандыруу болуп төмөнкүлөр саналат:

- максатка умтулгандык;
- уюшкандык;
- эмгекчилдик;
- жоопкердик;
- коммуникативдүүлүк;
- толеранттуулук;
- жалпы маданиятын жогорулатуу.

11. 060101 «Дарылоо иши» адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердигинин тармагы – саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө белгиленген талаптарга жана стандарттарга ылайык медициналык жардам көрсөтүүнү камсыз кылуу жолу менен жарандардын саламаттыгын сактоо, ал ишмердиктин төмөнкү түрлөрүн камтыйт:

- дарылоо-диагностикалык;
- медицина-профилактикалык;
- санитардык агартуу.

12. 060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объекттери төмөнкүлөр:

- бейтаптар;
- дени сак калк (балдар, эмгекке жарамдуу жактар, улгайган жана карыган адамдар, кош бойлуулар);
- бала бакчалардын, билим берүү мекемелеринин жана

ишканаларынын уюшкан коллективдери.

- баштапкы эмгек коллективдери.

13. Бүтүрүүчү даярданган кесиптик ишмердиктин түрлөрү квалификациянын улуттук рамкасына жана кесиптик стандартка (болгон учурда) ылайык кызыкдар жумуш берүүчүлөр менен биргеликте орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырган билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыккан билим берүү программаларынын мазмунун аныкташы керек.

14. 060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча бүтүрүүчү кесиптик ишмердиктин түрлөрүнө ылайык төмөнкү кесиптик милдеттерди аткарышы керек:

Дарылоо-диагностикалык.

- айыл жергесинде жайгашкан фельдшердик-акушердик пункттарда, тез жардам станцияларында (бөлүмдөрүндө) иштөөдө кесиптик компетенциясынын чегинде өз алдынча бейтаптарга дарылоо-диагностикалык жардам берүү жана алардын убактылуу эмгекке жарамсыздыгын экспертизалоо;

- шаар жергесинде жайгашкан тез жардам станцияларында (бөлүмдөрүндө) жана медициналык пункттарда иштөөдө дарыгер менен биргеликте бейтаптарга медициналык жардам көрсөтүү;

- ооруканаларда, диспансерлерде, амбулатордук-поликлиникалык жана саламаттыкты сактоонун башка мекемелеринде иштөөдө дарыгердин белгилөөсү менен бейтаптарга медициналык жардам көрсөтүү;

- физиологиялык кош бойлуулуктун диагностикасы жана аны жүргүзүү, зарыл учурда оордошпогон төрөттү кабыл алуу, жаңы төрөлгөн ымыркайдын абалын баалоо, жаңы төрөлгөн ымыркайга жана төрөгөн аялга кам көрүү;

- өзгөчө абалдарда, эпидемия шарттарында массалык ооруган жерлерде калкка медициналык жардам көрсөтүү;

- ооруларды эрте аныктоо жана латенттүү өткөн ооруларды диагностикалоо максатында жүргүзүлгөн калкты диспансеризациялоого катышуу;

- уюштуруу жана дарылоо иш-чараларын жүзөгө ашыруу менен калктын диспансердик тобуна үйүндө колдоо көрсөтүү;

- тийиштүү медициналык жардамды жүргүзүү.

Медицина-профилактикалык.

- дарылоо-профилактикалык мекемедеги иш ордунда санитардык-гигиеналык жана санитардык-эпидемиологоиялык режимдерди сактоо;

- эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарын эске алуу менен жана саламаттыкты сактоо системасынын ченемдик документтерине ылайык өз ишин уюштуруу;

- калктын (дени сактар, оорулуулар, алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана коллективи) ооруларынын баштапкы, экинчи жана үчүнчү профилактикасын жүргүзүү;

- ден соолукту сактоо, жакшыртуу жана чыңдоо боюнча калкты

санитардык-гигиеналык агартуу;

- сергек жашоо образына үндөө; сергек жашоо образы боюнча белгилүү программаларды иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу;

- бейтаптардын ден соолугуна коркунуч келтирген факторлорду аныктоо жана аларды жоюу.

Санитардык агартуучу.

- сергек жашоо образынын программаларын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, алардын жыйынтыктарын баалоо.

15. 060101 «Дарылоо иши» кесиптик орто билим берүү адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даяр:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө;

- тездетилген программалар боюнча тийиштүү профилдин жогорку кесиптик билим берүүсүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө.

## 4-бап. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

16. Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ащырган билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы тийиштүү адистик боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын, квалификациялардын жана кесиптик стандарттардын тармактык/сектордук рамкалардын квалификациялык улуттук рамкалардын негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырган билим берүү уюмдары төмөнкүлөрдөн турган билим берүү сапатына кепилдик берүүнү камсыз кылуу боюнча сунуштамаларга ылайык, илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен негизги кесиптик билим берүүнү 5 жылда бирден кем эмес жаңылоого милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгуудан;

- мониторингден, билим берүү программаларын мезгили менен рецензиялоодон;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билим жана жөндөм деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуудан;

- окутуучу курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;

- бардык ишке ашырылган билим берүү программаларынын жетиштүү ресурстарын камсыз кылууда, алардын колдонулушунун

натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуучулардан сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;

- өз ишмердигин (стратегияны) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн өзү үзгүлтүксүз изилдөөдөн;

- коомчулукка өз ишмердигинин жыйынтыктары, пландары, инновациялар жөнүндө маалымдоо.

17. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

18. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек.

Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;

- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;

- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүго түрткү берүүгө.

19. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

21. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

22. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

23. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

24. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35тен кем эмес пайызын түзөт..

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнүүчү сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модулу) боюнча экзаменге даярданууга каралган убакыт киргизилет.

25. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек..

## 5-бап. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

26. 060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 16-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы:**

- өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;
- стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;
- кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;
- кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;
- командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;
- команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;
- жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;
- чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу.
- оозеки жана жазма кебин мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык жактан так, аргументтүү, туура түзүү жана бир чет тилди социалдык мамиле түзүү деңгээлинде билүү жана грек-латын терминдерин билүү.
- калктын тарыхый мурасына жана маданий салттарына аяр мамиле кылуу, социалдык, маданий жана диний айырмачылыктарды урматтоо.

**б) кесиптик (КК):**

Дарылоо-диагностикалык.

КК1. Медайымдык компетенциянын алкагында түрдүү жаш топторундагы бейтаптарды изилдөөнү пландоо жана диагностикасын жүргүзүү.

КК2. Медайымдык компетенциянын алкагында кош бойлуулуктун диагностикасын жүргүзүү.

КК3. Медайымдык компетенциянын алкагында баланын ден соолугунун комплекстүү абалына диагностика жүргүзүү.

КК4. Өлүмдүн диагностикасын жүргүзүү.

КК5. Медициналык документацияны тариздөө жана жүргүзүү.

КК6. Медайымдык компетенциянын алкагында түрдүү жаш топторундагы бейтаптарды дарылоонун тактикасын, дарылоону, дарылоонун натыйжалуулугунун контролдоону аныктоо жана бейтаптын абалын контролдоону жүргүзүү.

КК7. Медайымдык кам көрүүнү уюштуруу жана бейтапка жана анын чөйрөсүнө психологиялык жардам көрсөтүү.

КК8. Кечиктирилгис абалдардын диагностикасын жүргүзүү, өзгөчө кырдаалдарда кечиктирилгис медициналык жардам уюштуруу жана көрсөтүү.

КК9. Ооруканага чейинки этапта медициналык жардам көрсөтүү боюнча дарылоо кийлигишүүлөрүн аткаруу жана жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжалуулугун контролдоо.

КК10. Ооруканага жаткыруу үчүн көрсөтмөлөрдү аныктоо жана бейтапты ооруканага ташууну жүргүзүү.

Медициналык-профилактикалык.

КК11. Калктын диспансеризациясын уюштуруу, аны уюштурууга ден соолук топторун катыштыруу.

КК 12. Иммунопролфилактика жүргүзүү.

Санитардык-агартуучу.

КК13. Бекитилген аймакта санитардык-эпидемиологиялык иш-чараларды жана санитардык-гигиеналык агартууну жүргүзүү.

КК14. Ден соолукту сактоо жана чыңдоо боюнча иш-чараларды жүргүзүү жана бейтаптар жана түрдүү жаш топторунун чөйрөсү үчүн ден соолук мектептеринин ишин уюштуруу.

27. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик программасы төмөнкү блокторду жана окуу циклдерин камтыйт:

1-блок «Дисциплиналар ( модулдар)»

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табигый илим цикли;
3) кесиптик цикл;
4) дене тарбия.

2-блок «Практика»

3-блок «Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация»

Орто кесиптик окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун орто кесиптик окуу жайы улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт..

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдин билим берүү дисциплиналарын ишке ашырууну камсыз кылуусу керек, алардын тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби «Дарылоо иши» адистиги боюнча

орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы тиркелген Мамлекеттик билим берүү стандартынын түзүмүнө ылайык иштелип чыгат.

28. Сабактардын ар бир цикли базалык (милдеттүү) жана элективдүү бөлүккө ээ болушу керек. Элективдүү бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, ыктарын жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк бериши керек. Элективдүү бөлүк орто кесиптик окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албастан милдеттүү бөлүктүн көлөмү негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50дөн кем эмес пайызын түзүүгө тийиш.

Орто кесиптик окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуучу жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун оңдоону жана социалдык адаптациялоону камсыздоочу негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүндүгүн берүүсү тийиш.

29. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык билими бар жана системалык түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Кесиптик циклдын окутуучулары даярдоонун тийиштүү адистиги/ багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болуулары керек.

Кесиптик циклдин окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык стажга ээ өндүрүштөр эске алынат.

30. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

31. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек.

Адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу студенттин лабораториялык жана практикалык иштерди, анын ичинде персоналдык компьютерлерди колдонуу менен практикалык тапшырмаларды милдеттүү компонент катары аткарууну камсыз кылышы керек. Сабактардын 2 сменалуулугун эске алганда 1 студент үчүн пайдалуу аянт (кв.м) 7 км.м. түзүшү керек.

32. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктай турган орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун тартибин эске алуу менен орто кесиптик окуу жайы тарабынан аныкталат.

060101 «Дарылоо иши» адистиги боюнча
кабинеттердин, окуу-машыгуу борборунун
БОЛЖОЛДУУ ТИЗМЕГИ

Кабинеттер:

1. Кыргыз (орус) тили (таблицалар жана стенддер)
2. Коомдук дисциплиналар (таблицалар жана стенддер)
3. Чет тили (таблицалар жана стенддер)
4. Латын тили (таблицалар жана стенддер)
5. Математика жана информатика (таблицалар жана стенддер)
6. Жалпы патологиянын негиздери менен адамдын анатомиясы жана физиологиясы (таблицалар жана стенддер, адамдын скелети жана анын түзүүчү бөлүктөрү, муляждар, фантомдор).
7. Микробиологиянын, вирусологиянын жана иммунологиянны негиздери (таблицалар жана стенддер, микроскоптор, препараттар)
8. Медициналык генетика (таблицалар жана стенддер)

9. Адамдын гигиенасы жана экологиясы (таблицалар жана стенддер, приборлор)

10. Фармакология (плакаттар жана стенддер, дары препараттарынын топтому)

11. Акушердик жана гинекология (таблицалар жана стенддер, муляждар, фантомдор, акушердик стетоскоп, акушердик куурчактар, аялдардын жамбаш сөөгү, жамбаш сөөктү өлчөгүч, гинекологиялык куралдар)

12. Медайым ишинин негиздери (плакаттар жана стенддер, нозологиялык бирдиктер боюнча кам көрүү предметтери)

13. Жугуштуу оорулар (таблицалар жана стенддер, муляждар, лабораториялык диагностика үчүн предметтер)

14. Психиатрия жана наркология курсу бар невропотология (таблицалар жана стенддер)

15. Дерматовенерология (таблицалар жана стенддер)

16. Терапия (таблицалар жана стенддер, тонометр, фонендоскоп, чөнтөк ингаляторлору, пикфлоуметр, пол таразалар)

17. Хирургия (плакаттар жана стенддер, муляждар, фантомдор, көрсөтмөлүү куралдар, медициналык дакилер, шакшактар, хирургиялык куралдар, оорулууларга кам көрүү предметтери, тигиш материалдары, кан токтотуучу боолуктар).

18. Педиатрия (таблицалар жана стенддер, куурчактар, бойду өлчөгүч, кувез, электрондук медициналык тараза, баланы ороочу стол, жаңы төрөлгөн ымыркайларга жана чоңураак курактагы балдарды кам көрүү предметтери, көрсөтмөлүү куралдар, муляждар жана фантомдор)

19. Компьютердик класс

20. Интерактивдик тактай, проектор.

Окуу-машыгуу борбору:

Бардык клиникалык адистиктер боюнча:

Акушердик жана гинекология блогу (гинекологиялык кресло, ширма, кушетка, фантомдор, муляждар, акушердик жамбаш сөөктөр, акушердик куурчактар, акушердик стетоскоп, жамбаш сөөктү өлчөгүч, сантиметрдик тасма, жыныс кыны күзгүсү, жатын зонду, кыпчуурлар, корнцанг, аборцанг, ийне кармагыч, тигиш материалдары, штатив, куралдар туруучу столчо, вазокан, акушер-гинекологдун атайын формасы, төрөөчү аял үчүн бир жолу колдонулган пакет, баланы ороочу стол, жаңы төрөлгөн ымыркай үчүн пакет).

Балдардын инфекциясы менен педиатрия (куурчактар, бой өлчөгүч, электрондук медициналык таразааөлар, вертикалдуу бой өлчөгүч жана таразалар, жуунтуу үчүн ванна, баланы ороочу стол, жаңы төрөлгөн ымыркайга жана чоңураак балдарга кам көрүү үчүн предметтер, кувез, Амбу кычкылтек беткабы, тонометр, фонендоскоп, көрсөтмөлүү курал, муляждар жана фантомдор).

Терапия (муляждар, фантомдор, тонометр, фонендоскоп, чөнтөк ингаляторлору, пикфлоуметр, медициналык тараза, бой өлчөгүч, глюкометр, кам көрүү предметтери, ЭКГ портативдик аппараты, медициналык кушеткалар).

Реаниматология негиздери менен хирургия блогу (плакаттар жана стенддер, муляждар, фантомдор, көрсөтмөлүү куралдар, медициналык дакилер, шакшактар, кичи операциялык блогу: хирургиялык куралдар, тигиш материалдары, кан токтотуучу боолуктар, медициналык кушеткалар, кан группасын аныктоо үчүн топтом, хирургиялык оорулууларга кам көрүү предметтери).

МИН (плакаттар жана стенддер, медициналык документация, дарыгерге чейин жардам көрсөтүү үчүн куралдардын топтосу, жөнөкөй физио процедураларды жүргүзүү үчүн топтом, медициналык кушетка, нозологиялык бирдиктер боюнча кам көрүү предметтери, лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн предметтер).

Спорттук комплекс:

- спорт залы,
- кеңири профилдеги ачык стадион.

Залдар:

- китепкана;
- Интернетке желесине кирүү мүмкүнчүлүгү бар окуу залы;
- электрондук китепкана;
- салтанаттуу чогулуш өткөрчү зал- 1
- медпункт - 1
- ашкана - 1

**2-тиркеме**

## Орто кесиптик билим берүүнүн болжолдуу окуу планы
## адистиги: 060101 “Дарылоо иши”
## квалификациясы: фельдшер
## окутуунун нормативдүү мөөнөтү: 3 жыл 6 ай

| № п/п | Окуу сабактарынын аталыштары (анын ичинде практикалар) | Жалпы эмгексыйым-дуулугу | | Семестрлер боюнча болжолдуу бөлүштүрүү | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредит боюнча | Саат боюнча | 1-семестр | 2 -семестр | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр | 7-семестр |
| | | | | Жуманын саны | | | | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 15-18 | 9-18 |
| Блок 1. | **I.Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **15** | **450** | | | | | | | |
| | Элективдүү бөлүгү | 3 | 90 | | х | | | | | |
| | **БААРЫ:** | **18** | **540** | | | | | | | |
| | **II. Математикалык жана табигый илимдер цикли** | 6 | 180 | | | | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | 4 | 120 | | | | | | | |
| | Элективдүү бөлүгү | 2 | 60 | | | х | | | | |
| | **БААРЫ:** | **6** | **180** | | | | | | | |
| | **III. Кесиптик цикл** | **160** | **4800** | | | | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **130** | **3900** | | | | | | | |
| | **Элективдик бөлүгү** | **30** | **900** | | | | | | | |
| | **БААРЫ:** | **184** | **5520** | | | | | | | |
| | **Дене тарбия** | | 2ч в нед | | | | | | | |
| 2-блок | **Практика** | 20 | 600 | | х | х | х | х | х | х |
| 3-блок | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | 6 | 180 | | х | | | | | х |
| | **Экзамендердин саны (макс)** | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | **Орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын көлөмү** | **210** | **6300** | **30** | **30** | **30** | **30** | **30** | **30** | **30** |